**Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата китепкананын маалыматы**

**Китепкананын максаты:**

**1.** Китепканага келген ар бир окурман китепкана менен таанышышат.
**2.** Жаш өзгөчөлүгүнө карата китеп тандап алууга жардам алышат.
**3.** Китептерди туура пайдаланууга, таза кармоого үйрөнүшөт.
**4.** Алган китептерин окуп, тарбиялык маанисин алышат.
**5.** Кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат
**6.** Так туура окууга көнүгүшөт.
**7.** Дүйнө таанымдары кенейет.

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылында китепкана фондунда; окуу китептер, адабий китептер, усулдук колдонмолор, предметтик таблицалар, карталар, сүрөттөр сакталган. Китепкана фондунда жалпы 2403 окуу китеби, методикалык колдонмо 350, адабий китептер 400 китеп сакталган. USID «Бирге окуйбуз» долбоорунан келген адабий китептер 180.
USID «Окуу керемет» долбоорунан 135 даана адабий китеп келген. Окуу китептердин 1552 окуу китеп окуучуларга таратылып берилди. Китепкананын иштөө графиги дүйшөнбүдөн жумага чейин саат 09:00 дон 12:00 го чейин.

Окуу жылынын башында жылдык иш план түзүп, ар бир айда өтүлө турган иштерге да темаларды коюп, директор тарабынан бекитилди. Түзүлгөн иш мерчем боюнча ар бир айда өтүлө турган иш чаралар китепканачыга жана мугалимдерге бөлүнөп берилди.

Мугалимдердин иштерин жандандырууга, алдынкы тажрыйбаны жайылтууга, сабактарды өтүүдө, жаңы технологиялык ыкмаларды колдонууда, мугалимдердин өздүк билимдерин көтөрүү максатында иштөөдө китепканада болгон китептерди пайдаланышты.

Китепканачы окуучулар, мугалимдер менен биргеликте тегерек стол, китеп көргөзмөлөрдү уюштуруп, ачык тарбия сааттар өткөрүлдү. Бул окуучуларга сапаттуу билим берүүгө, ар бир окуучу менен жекече иш алып барууга , жөндөмдүү жана таланттуу балдардын аракеттерин өркүндөтүүгө жакшы шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгүн жаратат. Мындай жүргүзүлгөн иш чаралар, мугалимдердин окуучулардын чыгармачылыгын жогорулатып, изденүүлөрүн андан ары өркүндөткөнгө өбөлгө түзөт. Майрамдар, даталар боюнча дубал газеталар чыгарылып турат. Китепканада ата-энелер менен алып барган иштери, алар менен бирдикте «Окурман үй-бүлө», «Келгиле, бирге окуйбуз», «Окуу керемет» сыяктуу иш чаралар уюштурулат. Бул ата–энелер менен мугалимдердин балдарга туура тарбия берүүдө жана жакшы окууга өбөлгө түзүүдө биргелешкен аракеттин жыйынтыгы экендигине багыттоо. Жыл ичинде «Кут билим», «Кут билим сабак» сабак өтүүдө усулдук ыкмаларды жайылтуу боюнча гезит журналдарга өз убагында жазылып, күндө өтүлүүчү сабактарда колдонушат.

Китепканачы: Табылды кызы Анаркүл